

# Шабидинова Зулхумар Арзыбаевнанын иш тажрыйбасынан.

**Шабидинова Зулхумар Арзыбаевна жөнүндө маалымат.**

**Педагогикалык кредосу:**

“Заманбап технологиялар менен окуучунун ишмердүүлгү жана педагогикалык кызматташтык” - бул ийгиликтүү окуучунун формуласы.

“Тарыхы болбой эл болбойт”.

**Педагогикалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгы.**

Максаты (мамлекеттик стандарт баюнча)

**1. Тарбиялык**: Маалыматтык мейкиндиктеги өз алдынча издөө, окуу ишмердигине багыт алган, ар тараптуу, мекенчил жаранды тарбиялоо.

**2. Өздөштүрүү:** Тарыхый инсандардын иш аракеттерин окутуу, маанилүү тарыхый фактыларды деталдаштыруу жана окуучуларда инсандык позицияны калыптандыруу.

**3. Ээ болуу:** Тарыхты окутуунун методдорун жаңы технологиялар менен байланыштырып окутуу.

**4. Калыптануу**: Кыргызстандын жана дүйнөлүк коомчулуктун тарыхый-маданий мурастарына аяр мамиле жасоодо адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу.

**5. Колдонуу**: Азыркы дүйнөдөгү көрүнүштөрдүн жана процесстердин тарыхый шартталганын түшүнүү менен окуучулардын тарыхый ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүп, коомдо өзүн идентификациялоого багыттоо.

**Эмгек ишмердүүлүгү**

1990-жылдан бери Баткен облусуна караштуу Кадамжай районунун № 25 “Айрыбаз” орто мектебинде эмгектенип келет.

1997-жыл. “Окутуунун активдүү усулдары аркылуу толеранттуулукка тарбиялоо” фондунун окууларынын катышуучусу.

2005-жылы “Жыл мугалими” сынагынын жеңүүчүсү.

2006-жылдан бери “Айрыбаз” орто мектебинде тарых, Адам жана коом предметинин мугалими болуп эмгектенет.

2012-жыл “Тен укуктуулук, өнүгүү жана тынчтык үчүн аялдардын эл аралык билим берүү коалициясы” уюмунун катышуучусу.

2015-жылы март айында Кутбилим сабак газетасына «Адамдын ыйман жана адеп баалуулуктары» сабагы жарыяланган.

2015-жылы “Акыл ордо” интеллектуалдык программасы боюнча окуучулардын командасын түзүп, эки жолку ийгиликтүү катышкан.

2016-жылы “Тарых жана маданият” жылына карата “Жүрөктөн мээр тапкан кичи – Мекен” аттуу документалдуу тасманын автору.

2016-жылдын август айында Республикалык Кутбилим сабак газетасына «1916-жылдагы Улуттук боштондук көтөрүлүш» сабагынын иштелмеси жарыяланган.

2016-жылдын октябрь Кутбилим сабак газетасына «Тайлак баатырдын эрдиктери» сабагынын иштелмеси жарыяланган.

2016-жылы Кутбилим газетасына «Анжиян көтөрүлүш» сабагынын иштелмеси жарыяланган.

2016-жыл 21-ноябрда Эл жарчысы газетасына «Кожолор баяны» изилдөөчүлүк макаласы басылып чыккан.

2017-жылы апрель айында «Уяттан уят эмеспи, уулундун үйдө жатканы» аттуу тарбиялык сааттын иштелмеси даярдалган.

2019-жыл 6-май Эл жарчысы газетасына «Мекен жөнүндө, эрдик жөнүндө, данк жөнүндө» макаласы жарыяланган.

2019-жыл ноябрь "Тарых предметин окутуудагы айрым усулдардын колдонулушу" автордук семинарын өткөргөн.

2021-жыл декабрда "СССРде тоталитардык системанын калыптанышы " сабагынын иштелмеси даярдалган.